УДК:303.09.

# ОКТЯБРЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫНАН КИЙИНКИ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗДАРДЫН ИЛИМИЙ-КООМДУК АН-СЕЗИМИНИН ӨНҮГҮҮСҮ

***Сабиров К.А., Исаков Б.М.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***

***Аннотация***

*Макалада, революциядан кийинки кыргыздардын, ошондой эле азыркы этникалык Ооган кыргыздарынын илимий аң-сезиминин денгээли жана профессор Ш.М.Ниязалиевдин илимий-философиялык принциби жөнүндө айтылат.*

***Abstract***

*This paper considers the scientific public consciousness of Kyrgyz people after October revolution, also modern Ethnic Kyrgyz people in Afganistan and scientific and philosophical principle of professor S.M.Niyazaliev.*

1917-жылы Октябрь революциясынын ишке ашышы саясый көз караштарда прогрессивдүүлүк катары да, ошондой эле, регрессивдүүлүк катары да каралып жүрөт. Ошол мезгилдин окуяларына карай турган болсок, падышачылык Орусия дөөлөтүнө зыяндуу болгону менен кыргыздар үчүн талашсыз түрдө революция аларды сактап калды жана мамлекеттүүлүгүн түзүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Ошондуктан Кыргызстанда Октябрь Революциясынын күнү майрам катары туура кабыл алынып, майрамдалып келүүдө. Революциянын негизинде жөн эле мамлекеттүүлүк түзүлүп калбастан ушул мамлекетте дүйнөлүк шедевр Манас эпосу, ошондой эле турган жеринен эле төккөн төкмөлүк өнөрү дүйнө жүзүнө руханий байлык катары тартууланып, ЮНЕСКОнун материалдык эмес баалуулуктарынын катарын толуктап көркөмдөөдө.

Диалектикалык окуунун негизинде алып карасак, революцияны тез өзгөрүү, ал эми эволюцияны жай өзгөрүү катары түшүнөбүз. «Революция» латын сөзүнөн которгондо бурулуш, өзгөрүү дегенди билдирет.

Октябрь революциясынан кийинки кыргыз маданиятынын чындап эле революциялык болгондугун ОшМУнун профессору Ш.Базарбаев өзүнүн «Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасы» деген эмгегинде: «1917-жылдагы Октябрь төнкөрүшүнөн баштап, кыргыз маданиятынын өнүгүшүнүн жаны этабы башталат. Ушул мезгилден кыргыз маданияты кезектеги ренессанска дуушар болгондугун белгилөө зарыл. Кыргыз элинин маданиятынын бир сапаттык баскычтан экинчи бир сапаттык баскычка көтөрүлүшүндө кенеш өкмөтүнүн ролу зор экендигин баса белгилөө керек»[1] дейт. Бул секирикти диалектиканын сан менен сапат өзгөрүшүнүн, бири-бирине өтүшүнүн законун түшүндүрүүдө ЖАМУнун профессору Ж.Бөкөшов «Философия» предметинен жазган окуу китебинде мындай деп жазат: «Сапат менен сандын, бири-бирине ылайык, жарашкан, өз ара шартташкан биримдиги чен (мера) болот. Ошол чендин чегинде нерсе өзүнүн белгилүү бир сапатын сактап турат. Эгер сандык өзгөрүүлөр ошол ченден өтүп кетсе, анда чен бузулуп, жаны сапат (абал) пайда болот. Диалектикада бул секирик (скачок) деп аталат» - дейт. [1]

Кыргыздардын коомдук аң-сезиминде кандай жаны сапаттык өзгөрүү болду. Коомдук аң-сезимге коом турмушунда өкүм сүргөн саясый-укуктук адеп-абийир (этикалык), эстетикалык, диний, искусство, илимий, философиялык ж.б. түшүнүктөр,

---

[1] Базарбаев Ш.Б. Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасы. – Ош, 2001. – 228-б

[1] Бөкөшов Ж.Б. Философия. Окума. Жалал-Абад 2002.54-бет.

идеялар, көз караштар кирет. Октябрь революциясынан кийин коомдук аң-сезимдин жалпы интенсивдүү өнүгүүсү болуп, алардын баарын жетекчиликке алган илимий аң-сезим формасы мурда болуп көрбөгөндөй канат сермеди.

Илимсиз эле ата-бабаларыбыз жашап келди, илим деген эмне? Илим бул-реалдуу болуп жаткан нерселер жөнүндөгү обьективдүү билимдерди теориялык системалаштыруу жана иштеп чыгуу функциясын аткарган, адамдардын ишмердүүлүк чөйрөсү. Ушул илимдин ордун, биз менен Ооган кыргыздарын салыштырганда алардын жашоонун тозогунда калганын көрөбүз.

Бүгүнкү күндөгү Ооганстан жериндеги жашап жаткан кыргыз мекендештерибизди билебиз. Октябрь Революциясынын саясатынан корккон эл Кытай андан Ооганстан алардын бир бөлүгү Турциянын Ван районуна журт которушту. Ал эми Кыргызстандын аймагында калган Кыргызстан эли совет доорунун азап-тозогун, жакшы алгылыктуу жактарын, тоталитаризмин, авторитаризмин, адамдарды тозоко салган, ошол эле учурда канат берген идеологиясын баштарынан өткөрүп жашашты. Эң негизгиси илимий аң-сезимге ээ болушту. Ооган кыргыздарынын коомдук аң-сезиминде ушул нерсе болбогондуктан кандай оор, азаптуу жашоодо жашап жатышат. Ошондуктан алардын коомдук аң-сезиминде тез аранын ичинде Кыргызстандын жардамы менен илимий аң-сезимди пайда кылууга жардам бериш керек себеби, ошол жерде 50-100 жылдан кийин илимдин кандидаттары, докторлору чыгып калышы чоң ийгилик болоор.

Илимий түшүнүктөн алыс калган жаштар биздин жашообузда да көбөйүп кетти. Диний медреселер уламдан улам көбөйүп жатышы коомубузда ыймандуу жаштарды тарбиялашы талашсыз бирок, медреселерде табигый илимий билимдин чектелип, окутулбашы, адам укугун аң-сезимдүү түрдө бузгандык, жаш өспүрүмдөрдү адаштыргандык. Жеткинчектерде илимий аң-сезимдин калыптанбашы маңкурттука алып келип, өз ата-энесин да аябаган шордуу Жоламандын кейпин кийген жаштарды калыптандырат. Алар Аллахтын атына жамынып “жихат” жарыялап, жардырууларды жасап, улуттук мамлекетти чанып бир тектүү халифат курууга руханий жан дүйнөсү алоолонуп даават аркылуу өз санаалаштарын уламдан-улам көбөйтүп жатат. Мурда молдолор, дин аалымдары оңой эле башкарып келген болсо эми, бул маңкурттукка каршы чабалдыгын көрсөтүүдө. Ал эми алданган жаштарыбыздын Сирияга кетип калышы эң эле жөнөкөй дин тарыхын рационалдуу билбегендик эмей эмне. Мамлекет медреселерге кирип текшерүү жүргүзө башташы адам укугун коргогондук болот. Маселен: “ZAMAN КЫРГЫЗСТАН” гезитинен Пакистанда жаш балдардын буттарына кишен салынып куран жаттап отурушу,16 жашар Малала Юсуфзай аттуу кыздын «Аялдар да билим алууга укуктуу «дегени үчүн башка атылышын окуп бул диний көз караштагы инсандар өз ойунда кудай алдында туура иш кылдым деп өкүм чыгарганы көз алдыңа тартылат.[1]

Инсандын калыптануусу үчүн биздин коомдо диний аң-сезим, ошондой эле сөзсүз түрдө табигый илимий аң-сезим, улуттук аң-сезим болуп үчөө ширелишкенде гана толук кандуу инсанды ала алабыз. Бул бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси.

Убагында Кыргызстанда да сабатсыздыктын жоюлушу XX-кылымдын 30-жылдарынан кийин чет өлкөлүк эксперттердин айтуусу боюнча, дагы 400-600 жыл керек болчу. Жок, андай болгон жок, 30-40 жылдын ичинде жалпы сабатсыздык, анын ичинде, атайын орто жана жогорку окуу жайлары түптөлүп, илимий даражалуу кадрлар чыга баштады жана тез эле жалпы калктын сабаттуулугу боюнча алдынкы орунга чыкты. Бул советтик мамлекеттин бирден-бир анык туура саясаты эле. Дүйнө жүзүнө төш каккан АКШда да бүгүнкү күндө 20 миллиондой адам таптакыр сабатсыз. «Эгемендүүлүктүн

[1] Газета.

даңгыр жолунда баратабыз»-деген Кыргызстандын аймагында 30 мин бала мектепке барбайт, башкача айтканда саясатчылар өз ишин эптей албай калышты. [2]

Кыргызстанда Совет бийлигинин орнотулушу менен башталган социалисттик багыттагы ири өзгөрүүлөр маданиятты да кучагына алган. Алгачкы мезгилден эле, маданий курулушка, элдин кат-сабатын жоюга чон көңүл бурулган. Тарыхка кайрыла турган болсок, 1920-жылдардын ортосунан тарта Республикада атайын орто окуу жайлары ачыла баштаган. Алсак, 1925-жылы Кыргызстан үчүн өтө зарыл эки айыл чарба жана эки педагогикалык техникум ачылган. 1932-жылы Кыргыз Агартуу институтуна айландырылган. Ал окуу жайын, 1929-жылы 21 адам, кийинки жылы 47 адам бүтүргөн. Улуттук адабият менен искусствонун, маданият менен илимдин көптөгөн көрүнүктүү ишмерлери ушул окуу жайда билим алышкан.

1940-жылы Кыргызстанда 33 техникум, анын ичинде 11 айыл-чарба 8 медициналык, 6 педагогикалык 3 укуктук жана экономикалык адистигин даярдоочу, эки искусство кызматкерин даярдоочу окуу жайлары болгон. 1990-91- окуу жылдарында республикадагы 9 жогорку окуу жайында 58,8 миң студент, ал эми 48 атайын орто окуу жайларында 43,4 миң окуучу окуган. Илимий кадрлардын жана тажрыйбанын топтолушу КырФАНдын базасында 1954-жылы декабрда республиканын илимдер академиясын түзүүгө мүмкүндүк берген. Анын системасында, жаны тарых, крайлык медицина жана экономика институттары ачылган, ал эми 60-жылдардын башталышында автоматика, физика жана математика тоо кендеринин физикасы жана механикасы, биохимия жана физиология институттары, чыгыш таануу бөлүмү ж.б. илимий мекемелер түзүлүп, илимий багыттар жана тармактар кыйла кеңиген. Илимдер академиясынын илимий потенциялы эл чарбасы менен маданияттын өнүгүшүнө татыктуу салым кошкон.

1956-жылы тарых институту биринчи жолу иретке салынган жалпыланган эки томдуу Кыргызстандын тарыхын жарыкка чыгарган. Анда байыркы мезгилден 20-кылымдын 50-жылдарынын орто ченине чейинки Кыргыз тарыхы чагылдырылган.

Бул эмгек төрт ирет кайрадан толуктоолор жана өзгөрүүлөр менен жарык көрдү. Кыргыз адабияты, искусствосу менен философиясы, экономикасы, укугу, тили боюнча фундаменталдуу эмгектер жарык көрду. Республиканын окмуштууларынын катышуусу менен 6 том жана жалпылаштырылган бир томдуктан турган “Кыргыз Совет Энциклопедиясынын” чыгарылышы республикадагы ири жетишкендиктердин бири болгон.

Согуштан кийин Кыргызстанда көптөгөн тармактык илимий-изилдөө институттары ачылган.1987-жылы республикада Илимдер академиясы башында турган 50 илимий мекемеде (ЖОЖдордун илимий-педогогикалык кадырларын кошкондно) 10миңден ашуун илимий кызматкерлер иштешкен. Алардын ичинде 249 илимдин доктору жана 3457кандидаты болгон. 1999-жылы Кыргыз Республикасында 81 илимий уюм болсо, анын 21и Улуттук илимдер академиясына, 17и жогорку билим берүү секторуна, 19у тармактык, 10у өндүрүштүк жана 14ү башка уюмдарга тиешелүү болгон.

Улуттук илимдер академиясында 1999-жылы 2226 адам иштесе, анын1019 илимий кызматкерлер болуп, алардын ичинде илимдин 140 доктору жана 365 кандидаты болгон. Ошондой эле академиянын курамында 37 анык мүчөсү жана 58мүчөсү жана 58мүчө корроесподенти болгон.

1999-жылы республикадагы илим жана илимий тейлөө тармагында 5,4 миң адам эмгектенген. Алардын ичинде илимдин доктору жана 1191 кандидаты болгон.

Таанып билүү деген адам тарабынан сырткы дүйнөнү максаттуу, активдүү чагылдыруу жана жаңы билимдерге ээ болуу. Совет доорунда жаштардын обьектисине

[2] Азаттык үналгысы. www.azattyk.kg.

мектептеги китептер, илимий адабияттар, илимдин бардык тармактарында философиялык-усулдук багыты боюнча материалисттик диалектикада коюлган. Ушул советтик доор, идеология, материалисттик диалектикалык багыт ЖАМУнун 1993-жылы түптөлүүсүнө өзүнүн бараандуу салымын кошкон, өз замандаштарынын урмат сыйына ээ болгон, өзгөчө инсан, анык интеллигент, философия илиминин доктору Ниязалиев Шайлообай Мамасалиевичтин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырган.

Анын көз карашы өмүрүнүн аягына чейин материалисттик көз караште болуп, таанып билүү проблемасында агностицизмге каршы турду. Динге карата, болгон мамилесинде атеисттик көз карашты толук карманды. Өткөөл заманда атеисттер да динчил болуп чыга келишти. Бирок, ал өз принцибинде калды, себеби анын жазгандары, философиялык эмгектери материалисттик багытта болчу. Анын этнопсихология боюнча иликтөөсү да, залкар төкмө акындарыбыз жөнүндө шакирттери менен иликтөөлөрү да, материалисттик багытта болуп, материалисттик принцибинен жазбады.

Анын ишин сыймыктануу менен, учур талабына жараша, ар кандай принциптердеги көз караште шакирттери улантып жатат.

**Адабияттар:**

1. Бөкөшов Ж.Б. Философия. Окума-Жалал-Абад 2003
2. Ниязалиев Ш.М., Токоева Г.С., Атамырзаева Б.М.
3. Орусча-кыргызча философиялык сөздүк, Жалал-Абад 2003
4. Ш.Базарбаев Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасы. Ош 1999
5. Иванов С.Г. Влияние глобализационных процессов на развитие Кыргызской Республики. Б., 2006.
6. А.Асанканов, Ө.Осмонов. Кыргызстандын тарыхы байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин. Бишкек 2001
7. Чотонов У. Суверенный Кыргызстан. Бишкек 1994.